# Кирпи



Автор: Айжылдыз Тойчиева

Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

# Кирпи

Автор: Айжылдыз Тойчиева
Сүрөтчү: Айсулуу Алиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кирпи" (кыргыз тилинде), автор Айжылдыз Тойчиева, сүрөтчү Айсулуу Алиева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Кирпинин баласы сөз укпас болчу. Ал ийинден чыгып, адатынча каалаган жагына кыдырып ойноп кетти. Кирпилер адамдардан алыс эмес жердеги бак-дарактардын түбүндө жашашчу. Талааны  кыдырып ойноп, акыры эриккен бала кирпи адамдар жашаган короого жакын барды. Ал жакта эмнелер бар экенине кызыкты, бирок ошол тараптын кооптуулугун апасы дайым эскерте берчү. Короодон коркунучтуу эч нерсе деле байкалбайт, кыбыр эткен жан жок. Тескерисинче, түркүн-түстүү гүлдөр жайнап, мөмө бактар куллуруп, кызарган дан куурай, кулпунайлар кирпини өзүнө тартып турду. Ал түз эле бакчага кирип барып, кулпунайдан каалашынча жей баштады.



Бир убакта күбүр-шыбыр үндөр угулуп, кичинекей чака көтөргөн Айдай бакчаны аралап келип калды. Ал жакындаган сайын жүрөгү шуулдап корккон кирпи качып жөнөдү. Кирпини күнөс жерде уйкусурап отурган мышыктан башка эч ким байкабады. Мышык кирпинин артынан кууп жетип, тиштемекчи болду. Тумшугуна сайылган кирпинин  ийнелеринен катуу мыёолоп, секирген боюнча  качып кетти.  Кирпи токтогон жок. Аңгыча кайдан-жайдан күчүк да борсулдап чыга калды. Кулпунай термекчи болуп келе жаткан Айдай күчүгүнүн артынан жүгүрдү.

– Мында кирпи жүрөт! – деп Айдай жар салды. Заматта ызы-чуу түшүп, чогулуп ойноп жүргөн топ балдар кирпини курчап калышты. Борсулдаган күчүк топтой оролгон кирпиге улам үрүп, айланчыктап жүрдү.

– Муну эми эмне кылабыз? – деди Жыргал демиге.

– Капаска салып багалы, – деп сунуш айтты Эмир.

– Андай болбойт! Коё бериш керек. Апам дайыма жаныбарларга тийбегиле деп айтат, – Айдай чыйпылыктап жиберди.

– Кирпилер адамга бат эле үйрөнөт деп уккам. Аны бакса болот, – деди Жыргал.

– Кирпи эмне жейт? Аны билбейбиз да, – деп Айжан ийнин куушурду.

– Интернеттен издеп көрөлү. Менде жаныбарлар жөнүндөгү китептер да бар, – деди Аскар.

– Ошол китептериңди алып чык, кирпинин эмне жей турганы жөнүндө карайбыз, – дешти баары чурулдай.

Балдар кирпини тегеректеп отуруп, көптөгөн кызыктуу маалыматтарды окуп, талкуулашты.

Бир убакта топтой оролгон кирпи башын чыгарып, эки жакты карады. Баары бири-биринен өтүп жарыша чурулдашты:

– Муну карасаңар, бизден коркпой калды.

– Көздөрү кичинекей экен.

– Кандай гана жагымдуу!

– Биз анын досторуна айландык окшойт. Досубузду капаска салып койгонубуз туура болбойт го, – деди Жыргал олуттуу сүйлөп.





– Биз бул кирпини бага да албайбыз. Токойдо өзүнүн сүйгөн азыгын таап жейт. Ата-энеси да болсо керек, – деди  Аскар китебин бооруна кучактап.

– Ооба, апасы да издеп жатса керек. Токой – анын үйү эмеспи, коё берелик.

Бул ойду баары колдоп, кирпини узап кеткенче тиктеп туруштту. Жасаган иштерине өздөрү да кубанып калышты.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Айжылдыз Тойчиева

Сүрөтчү: Айсулуу Алиева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли